КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2026-жылдын 9-апрели **№13** **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Бюджеттик Кодексинин 102-жана117-беренелерине ылайык жана финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын жана инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасынын таза суу боюнча 2025-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышын бекитүү боюнча сунуштарын талкуулап, Салам-Алик айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1. Салам-Алик муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ш.Мураталиев таза суу боюнча 2025-жылдын аткарган жумуштары боюнча берген маалыматы эске алынсын.

2. Салам-Алик муниципалдык ишканасынын таза суу боюнча 2025-жылдын бюджетинин кирешеси 465213 (төрт жүз алтымыш беш миң эки жүз он үч) сомго жана чыгашасы 465213 (төрт жүз алтымыш беш миң эки жүз он үч) сомго сомго аткарылышы белгиленсин.

3. Бул токтомдон келип чыккан иш-чараларды аткаруу жагы Салам-Алик муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ш.Мураталиевке тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Салам-Алик айылдык кеңешинин “Финасы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттары жана инвестиция маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**